| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА |
|---|---|

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын II сессиясы**
**Токтом**

**2024-жылдын 24-декабры № 29** **Төрт-Күл айылы**

**Мамлекеттик фондунун кайра бөлүштүрүү жерлерин тооруктук конкурстун негизинде ижарага берүү жөнүндө**

---

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 31-беренесинин 4-бөлүмүнө ылайык, Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адис Казаков Кумар Туйбаевичтин сунушун угуп, талкуулап жергиликтүү Кеңештин сессиясы **токтом кылат**:

1. Болот Мамбетов айыл аймагынын мамлекеттик фондунун кайра бөлүштүрүү жерлеринин ижара мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу

1.1 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтомунун негизинде Тоорук аркылуу "Конкурстук" негизде 2025-жылдын февраль айынын ичинде өткөрүлсүн.

1.2 Мамлекеттик фондунун айыл чарба жерлерин ижарга берүүдө Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 7-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык ижара акысын, жер салыгын өз убагында төлөгөн ижарачыларга 1 жылдык мөөнөткө (2024-жылдын 30-ноябрь айына чейин) узартылсын.

2. Мамлекеттик фондунун айыл чарба жерлерин "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине" өткөн жерлеринин мөөнөттөрү бүтүп, бирок конкурска катышпай калган жерлер 1 жылдык мөөнөткө узартылып берилсин.

3. Ижара акысын жылдын биринчи жарымында 2025-жылдын июнь айына чейин 100 пайыз төлөө жагы каралсын.

Ижара акысына: а) Үстүнкү өрөөндөгү айылдарга 2500 сомдон ылдый
б) Астынкы өрөөндөгү айылдарга 4000 сомдон ылдый коюлбасын.

4. Мамлекеттик фондунун айыл чарба жерлеринин "Келечек планы" бекитилсин.

5.Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов жергиликтүү Кеңешинин жер жана агрардык маселелер, өнөр жай, курулуш, жол, ЖКХ элге кызмат көрсөтүү боюнча комиссиянын төрагасы С. Карымшаковго тапшырылсын.

Төрага М.Жунушалиев